**НУРЛАН НАСИП - АЛДАЙСЫҢ** 10 +

**Сөзү :** Жылдызбек Турсунбаев
**Обону :** Нурлан Насиптики

Сен аккуусуң канатчан,
Сермеп учуп бараткан.
Ишенимдин ачкычын,
Издейм бардык тараптан.

Сүрдоп кетем чыны бат,
Сүйүүм айтам шыбырап.
Жылмайганда сезимге,
Жылдыз толот жыбырап.

**КАЙЫРМА:**
*Сыйкырчы жандайсың,*
*Сыноолоруң улам-улам камдайсың.*
*Калпеле назданып,*
*Кайра-кайра кыйнагандан талбайсың.*

*Кыялкеч жандайсың,*
*Кытыгылап көңүлүмдү арбайсың.*
*Өзгөчө сүйсөң да,*
*Өзүңдү өзүң эмнегедир алдайсың!*

Мен бир жигит ашыккан,
Махабатка машыккан.
Макул десең мойнуңа,
Мончок тагам бакыттан.

Көзүң мезгил жазындай,
Көрсөм черим жазылбай.
Жактырганың чын болсо,
Жакын келчи жашынбай.

**КАЙЫРМА:**
*Сыйкырчы жандайсың,*
*Сыноолоруң улам-улам камдайсың.*
*Калпеле назданып,*
*Кайра-кайра кыйнагандан талбайсың.*

*Кыялкеч жандайсың,*
*Кытыгылап көңүлүмдү арбайсың.*
*Өзгөчө сүйсөң да,*
*Өзүңдү өзүң эмнегедир алдайсың!*